**ТӨЛӨЙКӨН ОКРУГДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ**

**ТОЛОЙКОНСКАЯ ОКРУЖНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ**

723300 Кара-Суу ш., Ж.Аматов к. 2
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

723300 г.Кара-Суу, ул.Ж.Аматова 2
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

**Төлөйкөн округдук шайлоо комиссиясынын отурумунун**

**№18 Чечими**

2021-жылдын 10-декабры Кара-Суу шаары

Кара-Суу АШКнын төрагасы – Мойдунов Т.,

Кара-Суу АШКнын катчысы – Абдраимова Э.

Мүчөлөрү: Карабаев Т., Минбаева Г., Кубатбек у А., Аттокуров М., Кайратбекова А., Сатвалдиев Б., Абдуллаева Н., Кирдибаева З.

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. “Коомар медиа” коомдук фондунун кайрылуусу боюнча.

1-маселе: Угулду: Төлөйкөн ОШКнын төрагасы Т.Мойдунов: 2021-жылдын 28-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө “Коомар медиа” коомдук фондунан кайрылуу келип түшкөн, атап айтканда, Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын сайтында №5303, 5326, 5304, 5307 шайлоо участокторунун протоколдорунун сканерленген көчүрмөлөрүндө айырмачылыктар байкалган, башкача айтканда протоколдун сандык катыштары АЭУнун көрсөткүчтөрү менен дал келбейт деп көрсөтүлгөн.

№5303, 5326, 5304, 5307 шайлоо участокторунун төрагаларынан маалыматтар алынган, алар өз маалыматтарында УШКдагы шайлоонун жыйынтыгы боюнча протокол толтурууда сандык катыштар техникалык ката болуп толтурулуп калган, текшерилип, оңдолдуп кайрадан сканерленип жөнөтүлгөндүгүн билдиришкен.

Жогорудагы кетирилген кемчиликтердин негизинде №5303, 5326, 5304, 5307 шайлоо комиссияларынын төрагаларына эскертүү берилсин деген сунушту добушка койулду.

**Макул - 10,** **Каршы – жок.**

Төлөйкөн округдук шайлоо комиссиясы өз ара талкуулап

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. №5303, 5326, 5304, 5307 шайлоо участкаларынын төрагаларына эскертүү берилсин.
2. Чечимди аткаруу жагы Төлөйкөн ОШКнын катчысы Э.Абдраимовага милдеттендирилсин.

ОКРУГДУК КОМИССИЯСЫ №8 ОКРУЖНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ

**Төлөйкөн округдук шайлоо комиссиясынын төрагасы** **Мойдунов Т.**

**Төлөйкөн округдук шайлоо комиссиясынын катчысы** **Абдраимова Э.**